КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР
МИНИСТРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО НАУКИ,
ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ
И ИННОВАЦИЙ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

БУЙРУК
ПРИКАЗ

2-июль 2026 № 1/129

Бишкек ш.
г. Бишкек

"Уюштуруучулук-башкаруу структурага
өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө"

Университеттин кадрдык потенциалын оптималдаштыруу максатында жана И.Раззаков атындагы КМТУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин жана Туруктуу өнүгүү комиссиясынын сунуштарынын жана И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин 2026-жылдын 30-июнундагы (№ 10 протокол) негизинде **буйрук берем:**

1. 2026-жылдын 1-июлунан баштап И. Раззаков атындагы КМТУнун уюштуруучулук-башкаруу түзүмүнө (мындан ары – Түзүм) төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:
   - Электроника жана телекоммуникация институтунун курамында "Санариптик электроника" кафедрасы ачылсын;
   - "Автоматташтыруу, робот техникасы жана мехатроника" кафедрасы "Автоматташтыруу, жасалма интеллект жана робот техникасы" деп өзгөртүлсүн;
   - "Темир жолдор институту" "Жол каттамдары институту" деп өзгөртүлсүн;
   - "Автомобиль жана темир жолдор, көпүрөлөр, туннелдер" кафедрасы Н. Исанов атындагы Кыргыз инженердик-курулуш институтунун түзүмүнөн чыгарылсын;
   - "Автомобиль жана темир жолдор, көпүрөлөр, туннелдер" кафедрасынын базасында "Темир жолдору" жана "Автомобиль жолдору, көпүрөлөр жана туннелдер" кафедралары ачылсын жана Жол каттамдары институтунун түзүмүнө киргизилсин;
2. КМТУнун сапатты башкаруу менеджментинин маанилүү компоненти катары Сапат боюнча кеңеши Түзүмгө киргизилсин;
3. Тышкы аудиттин сунуштары боюнча Ички аудит кызматы Түзүмдөн чыгарылсын;
4. "Политехник спортклубу" өз алдынча юридикалык түзүмдүк бөлүмдөрдүн курамынан чыгарылсын;
5. КМТУнун аймактык филиалдарынын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо максатында аталыштары төмөндөгүдөй өзгөртүлсүн:

- И.Раззаков атындагы КМТУнун Академик Х. Рахматулин атындагы Токмок техникалык институту;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун Кызыл-Кыя техникалык институту;
- И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Балта техникалык институту;
- И.Раззаков атындагы Кара-Көл техникалык институту.

6. И.Раззаков атындагы КМТУнун Академик Х. Рахматулин атындагы Токмок техникалык институтунун директору кызматына Сыдыков Жыргалбек Дуйшекеевич дайындалсын.
7. И.Раззаков атындагы КМТУнун Кызыл-Кыя техникалык институтунун директору кызматына Тургунбаев Мелисбек Сыргабаевич дайындалсын.
8. И.Раззаков атындагы КМТУнун Кара-Балта техникалык институтунун директору кызматына Калчороев Алмас Качканакович дайындалсын.
9. И.Раззаков атындагы Кара-Көл техникалык институтунун директору кызматына Өзүбекова Раиса Акжоловна дайындалсын.
10. Пландоо-каржы башкармалыгы штаттык тизимге тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизсин.
11. Мамлекеттик тил жана санариптештирүү боюнча проректор түзүмдүк өзгөртүүлөр боюнча AVN, 1С, ЭДОК электрондук кызматтарына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү камсыздасын.
12. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө иши АИ боюнча проректор Э. И. Сырымбековага жүктөлсүн.

Негиз: окумуштуу катчынын билдирүүсү.

Ректор М. К. Чыныбаев

УИБ башчысы А. Ж. Исраилов